## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2015-жылдын июль айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион өткөрүлгөн. Мамлекеттик казына облигацияларынын аукциондорунда жарыяланган эмиссиянын көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 2,3 эсе жогорулоо менен 550,0 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан 290,0 млн сом суммасына (+45,0 пайыз) 2 жылдык баалуу кагаздар жана 280,0 млн сом суммасына 3 жылдык баалуу кагаздар сатылып алынган. Суроо-талап көлөмү 5,3 эсе жогорулоо менен 1,1 млрд сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,1 п.п. төмөндөө менен 15,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Жыл башынан тартып жүгүртүүдө мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 8,1 млрд сомго чейин көбөйгөн (+13,6 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 2,5 пайыздык пунктка (54,6 пайызга чейин) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 2,4 п.п. төмөндөп, 45,4 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган.

Бир айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,32 түзгөн, бул

концентрацияланyyнун орточо деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда мамлекеттик казына облигациялары менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент жеке жактар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Июль'2014 | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3 | 3 788 864,6 | 53,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Август | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1 | 3 903 218,7 | 55,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Сентябрь | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0 | 3 883 147,5 | 53,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Октябрь | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6 | 3 853 999,6 | 53,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Ноябрь | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0 | 3 821 476,6 | 52,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Декабрь | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8 | 3 729 376,6 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Январь'2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0 | 3 902 472,0 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 60 000 | 0,8 | 50 | 0,0 |
| Февраль | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7 | 4 108 772,0 | 53,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Март | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7 | 4 390 221,7 | 54,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Апрель | 8 009 150,0 | 3 612 178,3 | 45,1 | 4 390 221,7 | 54,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Май | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Июнь | 7 672 150,0 | 3 435 898,4 | 44,8 | 4 229 501,6 | 55,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Июль | 8 126 150,0 | 3 685 898,4 | 45,4 | 4 433 501,6 | 54,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |